***Чыйбылова Б. А.***
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# КАКЕН АЛМАЗБЕКОВДУН ЛИРИКАСЫНЫН ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Бул макалада К. Алмазбековдун лирикасынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүнө токтолуп, бүгүнкү күндүн талабына ылайык талдоого алууга аракет кылдык.*

«Поэзия айдыңын карасаң көл, тулкун кучактасаң кыял жетпес, кудурет пендесине бир көңүлү менен берип койгон ажайып дүйнө эмеспи. Ал аба, суу, тагдырга аралашып, күн нуруна чагылышкан таңдагы шүүдүрүмдөй мөлт-мөлт этип миң сан түр, түс берип чачырап, миң сан үн чыгарып кубулжуп, кубулуштан кубулушка өтүп, кубарбас кубаныч тартуулаган, турмушту тутка тутуп, муундан-муунга күзгүдөй чагылдырткан кереметтин керемети"[1, 8-б]. Мына ушундай сөз жеткис кереметтин кереметин төрт сапка батырып, ыр кылып жараткан бул - жөпжөнөкөй акындар.

Ыр эмнеден жаралат? "Акындын дүйнөнү көркөм кабылдоосунан, турмуштагы ар кандай көрүнүштөрдү, кубулуштарга күчтүү таасирленүүсүнөн жаралат. Акын жүрөгүндөгү ыйык сырларын окуучуга ачып берүү үчүн өзүндөгү бай фантазияга кайрылат"[2]. Акындын ой-пикирин ээлеген жана аны чыгарма жазууга үндөгөн турмуштук материалдар ырларынын темасы болуп саналат. Турмуштун татаалдыгы тематиканын ар кыл болушун көрсөтөт. К. Алмазбековдун поэзиясынын темасы көп кырдуу. Бирок, кеп теманын көп кырдуулугунда эмес, аны кайсы көз караштан, кайсы идеялык багыттан көрсөтүшүндө жатат.

"Тема – автордун турмуштук тажрыйбасынан жаралган идея,"[3, 94]–деп М.Горькийдин айтканын эске алсак, анда акын идеяны ачып берүү үчүн теманы дүйнөгө болгон көз карашына байланыштуу тандап алат. Бир эле темада ар бир акын ар кандай идеялык-көркөмдүк салмакта чыгармаларды жаратышат. Чыгарма жаратуудан мурун "акын" дегенди ар адам ар башкача түшүнөт.

Аянбай күчтүн барынча,
Ар акын ырдайт алынча.
Жаныңа жыргал кээ бир ыр,
Жайлоонун аткан таңынча
Жашабай өчөт кээ бир ыр.
Жалп этип өчкөн жалынча

"Ыр башат" деген ырында акын К. Алмазбеков "Акындын болот көп түрү, Аныгын жазган ырды сүй" деп поэзияга, акындык өнөргө болгон позициясын ушундайча ырга салган.

Жармачын, тыңын ылгабай,
Жазгыча эптеп жылмалай.
Барымдан жогум жакшыраак
Акындын атын булгабай.

К. Алмазбеков "акын" деген түшүнүккө өзгөчө карайт. Бул тууралуу акын А. Өмүрканов: "Акындык – акын үчүн эптеп жан багуу эмес, ал анын жашоосу, өмүрү, ар-намысы болуп канында кагылып турган", - деп "Мурас" ыр жыйнагынын баш сөзүндө акынга ушундайча баа берген. Жогорудагы таамай айтылган ойлорун белгилүү акын А. Өмүрканов газетага берген интервьюларында андан ары тереңдетип: "Ар бир мезгилдин өз өкүмдары, өз акыны болот, бул алмустактан бери келаткан чындык. Бирок ошол мезгилдин кан тамырынын какканын так билчү барометр - көзү менен көкүрөгүн май баскан өкүмдар эмес, чындык үчүн чыркырап күйгөн, коркпой-үркпөй ырлары менен мезгил, коомдун жүрөгүнүн кардиограммасын түшүрө алган акын эсептелет. Акын ыры коом сасып, бүксүп кетпеши үчүн кенен ачылган ажайып терезе болушу керек, күндөлүк көр турмуштун көйгөйүнөн көтөрүлгөн, көз жаш, көкүрөк дарттын дарысы сыяктанган ал ырлар – албетте от сыяктуу абдан эски, абдан кары өңдөнүшү мүмкүн, бирок ошол от ырлар ар бир жүрөктү, үйдү, коомду жылытып бир кыргыздын кайгысы деген максат, малым-жанымдын садагасы, жаным-ырымдын садагасы деген жашоо менен жашаганы абзел",- дейт.

Ар бир адам өз алдынча күн көрөт,
Акын дайым кыялында гүл көрөт.
Акын жана жөнөкөй жан ошондой,
Адам менен айбандарда үн бөлөк.
Тагдыр тандап адамзатка тил берет,
Таза талант, таза адамга бир келет.
Жазса мейли, жазбаса да баары бир,
Жашай-жашай таза талант иргелет.

"Адабиятта төр болбойт, ар бир келген талант, эгер ал чыныгы талант болсо таш тешип өсүп чыккан чөп сыңары кандай кыйынчылык, кандай азап-тазок болбосун акыры өсүп чыгат, өзүнүн талантын өзү элге көргөзө алат. Анан ал ошол таланты менен эртебикечпи адабияттан өз ордун табат. Мына ошондой ада-

биятта, айрыкча поэзия жанрында өз үн, өз боёгу менен келип, кеч болсо да өз ордун жүрөктүн түпкүрүнөн тапкан акын Какен Алмазбеков эле. Анын көк тиреген аскадан туйлап түшкөн тунук булактай тунук поэзиясы, өзү эле музыка чыгарып, обонго ылайыкталып, төрт тарабы төп келген керемет ырлары өзүнчө бир муунду тарбиялаган. "Чагылган" аттуу ыры менен кыргыз поэзия асманын чагылган сыяктуу бир жарк эттирип, обондуу ырлардын мукамын мурдагысынан дагы арттырып, маани-маңызын дагы бир баскычка өйдөлөтүп кетти десек апырткандык болбойт. Эне сүтү менен тең бүткөн акындын тубаса таланты, өзгөчө обонго ылайыктуу ырларды жазуудагы табигыйлыгы, таасындыгы менен айырмаланган" [4, 3]– деген акын А. Өмүркановдун адилет баасы Какендин ырларын окуган, поэзиясы менен таанышкан адамды кайдыгер калтырбайт.

Акынмын кайра жаралбас,
Адаммын эч ким табалбас.
Жаралган менен көп киши,
Жаркырап мендей жаналбас, -

деп акын өзү айтып кеткендей эле анын ырларына обон чыгарбаган замандаш обончу композиторлор жокко эсе. Анын терме, арман, дастандары да ырчыжамакчы, төкмөлөр аркылуу эл арасына кеңири таралып кеткен. Анын ырларын айыл же шаар болбосун, жаш-кары дебей ооздорунан түшүрбөй азыр да ардактап ырдап жүрүшөт.

Турмуш алдыга карама-каршылыктар аркылуу жылат, а жандуу карама-каршылыктар адамдын баштапкы аң-сезиминен алда канча бай, ар тараптуу, мазмундуураак" деп В.И.Ленин баса белгилегендей "турмуш диалектикасы" карама-каршылыктардын күрөшү жана биримдиги аркылуу шартталарын акын К. Алмазбеков терең түшүнүп, аны өзүнүн философиялык поэзиясында көркөм чагылдырат.

"Турмушта өлүм менен тирүүлүктүн ортосу бир көз ирмем"-деген кеп бар. Бирок ушул көз ирмемдик аралыкта адам "алакан ууштап, баарын алам" деп келип, акыры табияттын мыйзамына аргасыз баш ийип алакан жаба жылаңач кетери бышык."

Жок, жок өлүм коркутпагын анчалык,
Сен сугалак болсоң дагы канчалык.
Алың жетпес адам тапкан айла бар,
Дайыма өлбөй, жашай берер даң салып.
Атын атап ар бир жүрөк эстеген,
Адамдар бар кылымдарды тепсеген.
Ошолорду өлдү го деп ойлобо
Алар сенин жок, барыңды сезбеген.

Акындын – бул темадагы ырлары мазмунунун философиялуу жана психологизмдин күчтүү берилиши, ошону менен катар ыр формасынын салттуулугу, ыр саптарындагы көркөм сөз каражаттарынын жаңычылдыгы менен өзгөчөлөнөт. акын ыр саптарында өлүмдү "сугалак" деген эпитет, салыштырууну колдонуп, "Адамдар бар кылымдарды тепсеген" деген метанимия аркылуу турмуштун татаалдыгына философиялык ой жүгүртүп, жашоого карата ички монологдук ой толгойт.

К. Алмазбеков жеке эле акын катары эмес, кыргыз элинин уулу катары жат көрүнүштөргө келише албайт, анткени, жат мындай көрүнүштөр байыртан келе жаткан улуу эл экендигибизге шек келтирип, келечек муундардын жакшы жашоосуна өз кедергисин тийгизбей койбойт. Биз каалайбызбы каалабайбызбы келечек жаштардыкы. Эртеңки күн жөнүндө бүгүн ойлонбосок, эртең кеч болору бышык.

Абийирге конгон кут беле,
Атадан калган жук беле,
Арагың тургай кымызың
Адеби менен жутчу эле.
Кыз бала арак ичкенди
Кыргыз эл качан укчу эле.
Бир бирин алган ноктолоп,
Бир далай жаштар топтолот.
Ала-күү болгон кээ бир кыз
Агай деп күлүп оштонот.
Капырай мындай укмуштар
Каякка барып токтолот...

Ата бабаларыбыз байыртан бир тилим жер үчүн канын, жанын аябай салгылашып, бейиштей болгон кооз жерди, ыйык нарк-насилди бизге тартууласа, анын бузулушу, элдин салты сакталбай кордолушу акын безине сайгандай сезимине бүлүк салып, жогорудагы ырдын жаралышына себеп болот.

Тартсаң да турмуш азабын,
Таалайым эл деп жашагын.
Эмине жасап жатсаң да,
Элим деп гана жасагын.

Ыр саптары улуу патриоттук духта жазылып, андан акындын Ата мекенге, эли-жерине болгон сүйүүсү көрүнүп турат. Мындай чыгармалары менен акын мекенге, элге болгон сүйүүнү козгоп, окурмандын патриоттук сезимин күчөтөт.

Жазуучулук оригиналдуулуктун бир белгиси терең улуттук болууда. Улуттук түзүлүш жетиштүү өөрчүбөгөн жазуучунун чыгармасы реалдуулуктан ажырап, дүйнө тааныткыч ролу да кемий түшөт. Автордун ырларынан улуттук сезимдин күчтүү өнүккөндүгүн байкоого болот.

Баянын айтса эң бийик,
Башынан кыргыз эл бийик.
Жүрөгүм кыргыз жүрөгү
Жүрө албайм башым жерге ийип.

Акындын ырларынан улуттук сезимдин туу чокусун көрүүгө болот. Кайсы гана чыгармасын албайлы элибиздин көңүлүндөгү көйгөйлүү проблемаларды көтөрүп чыгып, биз канткенде кыргыз элиндеги жаман жорук-жосундардан арылып, качан жакшы жашайбыз деген суроо жаратат. Ал суроолорго кайра өзү жооп издеп, элди биримдикке, ынтымакка чакырат. "Ар кандай чоң акын биринчи кезекте өз элинин уулу, өз элинин эркеси. Өз элин өз эне тилин, тарыхын урматтап сүйбөй, келечегине жүрөгү менен ишенбей туруп, поэзияда чоң из калтырууга мүмкүн эмес" [5, 49-б]. Албетте, ар бир акын өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн чыгармаларына сиңирбесе же болбосо улуттук бийиктиктери менен сыймыктанбаса, ал өз улутунун мыкты акыны боло албайт. Ошол сыңары К. Алмазбеков өзүнүн замандаштарынын, каламдаштарынын ийгиликтерине сыймыктануу менен аларга арноо темасында көп ырларды жазган. Лирикасынын басымдуу бөлүгүн түзүп турган – бул ырларында каламдаштарынын талантына таазим этип, замандаштарынын жасаган иш-аракеттерине баа берет.

Кыргыз поэзиясында аттын кашкасындай белгилүү акын Райкан Шүкүрбековду өзү устат катары терең урматтаган.

Укмуштуу учкул канат ырга түнөк,
Райкан оттуу жүрөк, октуу жүрөк.
Басыптыр ач ажалдын шум капканын,
Баратып зор толкунун өргө сүрөп.

Агай сен, турмуш балын татып кеттиң,
Бакытка дал белчеңден батып кеттиң,
Антсе да арманың зор кайран киши,
Ачалбай көп сырыңды катып кеттиң.

Ырларынын “кыргыз жыттанып”, бизге витаминдей керектигин айтуу менен акындын ырларынын кыргыз поэзиясында ополтодой орду бар экендигин көрсөтөт.

Кош, агай, элестериң эсте калды,
Кантели коштошпоско амал барбы.
Ырдайбыз ырларыңды ай-ааламга,
Райкан түк өлбөйт деп салып жарды, - деп акындын өзү бул дүйнөдөн көзү өтсө да, анын ырлары түбөлүккө жашай берерин айтып өтөт. Ал эми “Бакен эже” деген ырында болсо актрисанын талантын төмөнкүчө даңазалайт.

Жайнаган роль туш болуп,
Жайдары болуп, суз болуп.
Ойлордо турат элесиң,
Отелло сүйгөн кыз болуп.

Айганыш болуп албырып,
Ай жүзүң жүрөк жандырып.
Жаа тартып Жаңыл мырзадай,
Жайнайсың моокум кандырып.

Өздөрүнө түбөлүк өлбөстүктү жаратып бири маданиятка, бири адабиятка эмгек сиңирген улуу инсандарыбыз Райкан Шүкүрбековдун, Бакен Кыдыкееванын жаркын элесине арнаган ырларында акын өрнөктүү таланттын өлбөстүгүн, өчпөстүгүн даңазалайт. “Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөгөн” сыяктуу биздин жүрөгүбүздө алар жараткан классикалык чыгармалар түбөлүк жашайт.

Жыйынтактап айтканда, Какен Алмазбековдун ырлары бүгүнкү күндөгү актуалдуу проблемларды чагылдырып, адамдардын нравалык, социалдык, коомдук-саясий, маданий маселелерине, адамзат жашоосунун ар кыл чөйрөсүнө өз таасирин тийгизет.

***Адабияттар***

1. Өмүрканов А. Акын – мезгилдин кардиограммасы. //Кыргыз руху. №30, 2004. 8-б.
2. Эралиев С. Акындын асыл дүйнөсү. // Кыргызстан маданияты. 1982, 21-октябрь.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Б., 1996.
4. Алмазбеков К. Мурас. – Б.: Мектеп, 2003. 404 бет.
5. Бобулов К. Жаңы тилке. – Б., 1991.